«Айылдык кызга»

Сөзү:Кудретжонов Ильясбек Кудретжонович

Обону: Кудретжонов Ильясбек Кудретжонович

Алма гүл ачкан кезде,

Барамын мен сени издеп айылга.

Көргүм келип, ак жүзүңдү,

Сагынып мен барам жаздын айында.

Кайра-кайра элестетип сени даалай күн өттү,

Аке деген сөзүң менен,

Арбап алдың карындашым жүрөктү.

Кайырма:

Карагаттай көзүң,

Балдай ширин сөзүң,

Суктанамын жаным, ардагым.

Тааныштайсың кылым,

Айтчы мага сырың,

Жүрөгүмдү кантип арбадың?

Агын тоонун суусу, айылдын сулуусу,

Черттирдиң го жүрөк кылдарын,

Ала качпа көзүң, жүрөгүмдө өзүң,

Бул ырымды сага арнадым.

Неге-неге, айтчы неге?

Арбалдым мен айылдык кыз сендейге.

Ыйманыңды сүйдүм, жамалыңа күйдүм,

Болосуңбу деги жубай мендейге?

Айылыңа барып, сага сөйкө салып,

Келемин, ай, чырайлуу кыз канткенде?

Жеңелери коруп, бизге тоскоол болуп,

Койбосунчу колуң сурап келгенде.

Кайырма: